15. МЕНИН ЫРЫМДЫ ТЫҢДА

Ырдабай кантем көңүлдө турса нота чертилип,
Ыр менин жашоом, ыр мага келет дайым дем берип,
Ыргалып күүгө, назданып кыздай кылыгы назик
табийгат бийлеп, айлана кошо тыңшайт термелип.

Ырларым менин жер жүзүн каптап шаңга бөлөсүн,
Жаштыктын дагы сүйүүнүн шаңы ыр деп билемин.
Тартуулап бакыт, себепчи болуп кимдир бирөөнүн
Жакшылыгында, кубанычында жаңырса деймин.

Көңүлдү баалап, өмүрдү барктап жашап жүрөлү,
Түшүнсөң эгер дарылайт жалгыз ырлар жүрөктү.
Жадырап турсун маанайың дайым жылмайып жаша,
Ырымды уккун, белегим сага, чөксө көңүлүң.

Текст -17.11.2020
Мрз- 01.01.2021

Сөзү: Гүлзат Кудайбердиева
Обону: Гия Канчели
Аткарган: Ильяз Абдразаков